21-январь

Сабак берген мугалим Акирова Бактыгүлгө берилген анализ.

Акирова Бактыгүл: Бүгүнкү жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу сабагынан «Сан жана эсеп. Кострукциялоо» темасын өттүм. Сабакта балдар онго чейинки сандарды өсүү жана кемүү тартибинде саноо менен балдардын кабыл алуусун, эске тутуусун калыптандыруу максатында 5-тапшырма даярдадым.

1-тапшырма: Логикалык суроолор.

2-тапшырма: Тез эсепте.

3-тапшырма: Шарттуу белгилер менен иштөө.

4-тапшырма: Сандар катышкан макалдар.

5-тапшырма: Геомертиялык фигураларды конструкциялоо.

Өткөн сабакты бышыктадым. Предмет аралык байланыш «Айлана чөйрө менен тааныштыруу» сабагы менен болду. Сабакта пландаганымдын бардыгын аткардым. Сабак макстына жетти деп ойлойм.

Баймурзаева Асел: Бактыгүл эженин сабагы системалуу, балдардын сүйлөөсү калыптана баштаптыр, тапшырмаларды балдар туура аткарышты. Сандар катышкан макалдары кызыктуу болду. Үйгө берилген тапшырмада үйдөн чай ичкен кишилерди, столдо канча вилка, канча кашык бар экендигин санагыла деген мага өзгөчө жакты. Сабак максатына жетти.

Исакунова Гүлбарчын: Бактыгүл эженин сабагы кызыктуу, системалуу болду. Окуучулар сабакка активдүү катышышты. Сабак көргөзмөлүү. Мугалим тапшырманы кызыктуу даярдаган. Балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алган. Тапшырмаларды сүрөттөр менен даярдагандыктан, окуучулар сабакка кызыгуу менен катышып жатышты. Бирок тапшырмалары бир аз көп болуп калды. Сабактын аягында окуучулар тажай баштады. Сабак максатына жетти.

Сунуш:

Ушундай көргөзмөлүү сабактарды көп өтө бериңиз. Кийинки сабагыңызда тапшырманын санына көңүл буруп коюңуз.